## Окуу жана эсеп лагерлеринин сценарийлери

USAIDдин “Окуу керемет!” долбоору өлкөбүздүн 1682ден ашык жалпы билим берүү мекемелеринде билим алып жаткан башталгыч класстардын окуучуларынын окуу жана математика көндүмдөрүн сабакта жана сабактан тышкаркы убактарда жакшыртуу максатында бир топ алгылыктуу иш-аракеттерди жүзөгө ашырып келет. Ошолордун бири – окуучулардын жайкы эс алуусун пайдалуу уюштуруу максатында түзүлгөн Окуу жана эсеп лагерлери. Башталгыч класстардын окуучуларынын функционалдык сабаттуулугун, ошондой эле жалпысынан ар бир окуучунун социалдык-эмоционалдык жөндөмүн жана инсан катары өнүгүүсүн колдоого багытталган бул иш-чара окуучуга маалымат менен кантип иштөө керектиги тууралуу көндүмдөрдү үйрөтүү, финансылык жактан сабаттуу жүрүм-турумду калыптандыруу адатын, эмоционалдык интеллектти жана эмпатияны калыптандыруу, баланы китеп окууга жана практикалык математикалык көндүмдөргө кантип кызыктыруу максатында жыл сайын өткөрүлүп келет.

Былтыркы окуу жылында долбоордун 685 максаттуу мектебинде ушундай лагерлер мектеп жетекчилигинин колдоосу менен  башталгыч класстардын мугалимдери жана мектеп китепканачылары тарабынан жигердүү уюштурулуп, окуучулардын, ата-энелердин, жергиликтүү коомчулуктун көңүлүнө толду. Долбоор бул лагерлерди кеңсе буюмдары менен камсыздап, 10 күндүк даярсценарийлерди сунуштады. Бул сценарийлер уюштуруучулар үчүн чоң жардам болду. Ар бир уюштуруучу окуучуларга пайдалуу жана керектүү маалыматтарды берип, кызыктуу иш-аракеттерге тартуу үчүн өзүнүн болгон күчүн жана аракетин  жумшады деп чечкиндүү айта алабыз. Бул иш-аракеттер эртеңки келечек ээлеринин мыкты инсан болуп калыптанышына оң таасирин тийгизбей койбойт.

Мугалимдердин бири-бири менен Окуу жана эсеп лагерлерин уюштуруу жана өткөрүү боюнча пикир, тажрыйба алмашуусун  камсыздоо максатында 2022-жылдын октябрь айынан 2023-жылдын февраль айына чейин долбоор башталгыч класстардын мугалимдеринин арасында Окуу жана эсеп лагерлеринин сценарийлеринин сынагы жарыялаган. Сынакка 100дөнн ашык жумуш  келип түштү.Сынакка катышкан ар бир мугалимге долбоор тарабынан ыраазычылык билдиребиз. Ар бир сценарий – окуучулардын  окуу, жазуу, эсептөө жанаа таанып-билүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, алардын социалдык-коммуникативдик жана эмоционалдык-баалуулук  компетенцияларын калыптандырууга түздөн түз багытталып, мугалимдерибиз ушул жаатта алгылыктуу иштерди жүргүзүп жаткандыгы бизди өтө кубандырды.
Республикалык деңгээлде 28 жумуш мыкты деп табылды. Ал Окуу жана эсеп лагерлеринин сценарийлери менен төмөндө бөлүшөбүз.

**Түзүүчү: Баткен областынын Сүлүктү шаарындагы В.И.Ленин атындагы №1 орто мектебинин башталгыч классынын мугалими**

**Жапарова Айгул**



| Иш- аракет | Убакыт | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| Ыр ырдоо;<br>Жагымдуу маанай түзүү; | 5 мүн. | Мугалим окуучулар менен бирге аларга тааныш эки ырды ырдайт. Биринчи “Жылмаюу”ыры балдарга жакынырак келип,топко топтолуп,мугалим менен бирге ырдоого берилген белги. Ал эми экинчи ыр “Балалык” ыры балдардын маанайын көтөрүү жана бүгүнкү сабакка позитивдүү жагдай түзүп,кечигип жаткан балдарга кошумча убакыт катары берилет. | Телевизор,телефон, караоке.<br>https://youtube.com/watch?v=ex_ydkbcsN4&feature=share<br>http://youtu.be/6NYFbCv4eZc |
| Саламдашуу<br><br> | 10 мүн. | Мугалим окуучулар менен учурашат:<br>Таңда турсам сыртта эшик нурдуу экен,<br>Эмнегедир күн да жылуу, нурдуу экен.<br>Чуркап барып календарды карасам,<br>Силер менен жолугушчу күн экен.<br>Саламатсынарбы, балдар!<br>Кыргыздар сөздүн чебери,<br>Кыргызда күмүш кемери.<br>Кыргыздын салтын унутпай,<br>Кыргызча салам берели.<br>Окуучу балдар жана кыздар бири-бири менен кыргызча сөздөр менен учурашат.(Салам!Кандайсын? Арыба! Бар бол! Амансынбы? ж.б) | |
| “Күн баянды” бaрактайбыз | 10 мүн. | Мугалим окуучулар менен кечээки күнгө көз чаптырып, кечээ жазылган “Кун баяндагы” баяндамаларды чогуу талкуулашат. Балдар биргелешип ойлоп тапкан лагердин ураанын кайталашат. | “Күн баян“<br>Лагердин урааны:<br>Күн нурундай жаркырап, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Биз көңүлдүү,биз куунак.<br>Биздин максат, биздин иш,<br>Окуп, ойноп жыргамак.<br>Ырыс алды -  ынтымак. |
| Темага киришүү | 10 мүн. | Мугалим катышуучу балдар  менен геометриялык фигуралар тууралуу маек уюштурат.<br>-Силер кандай геометриялык фигураларды билесиңер?<br>-Фигураларды бизди курчап турган айланабыздан көрүүгө болобу?<br>-Алар эмнелерге окшош?<br>-Турмушта фигуралардын канчалык мааниси бар? | Фигуралардын көргөзмөсүн уюштурса болот.<br> |
| “Окуйбуз, ойлонобуз, талкуулайбыз!”. | 35 мүн. | *-Бүгүн биз силер менен геометрикалык фигуралар тууралуу аңгемени окуп, талкуулайбыз.*<br>*Аңгеме* “Пайдалуу тик бурчтук” деп аталат.   Автору Олег Кургузов.<br><br>Чыгарманы окуганга чейин берилүүчү суроолор:<br>*-Балдар,бул чыгарма ким же эмне жөнүндө болот деп ойлойсуңар?*<br>*-Бул чыгармада кандай каармандар/буюмдар  кездешет деп ойлойсуңар?*<br>*-Эмне үчүн мындай ойлойсуңар?*<br>*- Силер билген геометрикалык фигураларды атагыла.*<br>*- Келгиле, чыгарманы окуп баштайлы.*<br><br>Тик бурчтук дайыма Төрт бурчтукка суктанып жүрчү:<br>-Мен ушундай жүдөөмүн,-деп аттанды ал.-Эгер түз турсам,ичке жана узун болуп калам. А эгерде капталдап жатсам, семиз жана | Олег Кургузов “Пайдалуу тик бурчтук” |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жапызмын.А сен болсо, жатсан да,турсан да жана отурсаң да ар дайым бирдей абалда каласын,-деп Төрт бурчтукка кайрылды.<br>-Ооба десен,-Төрт бурчтук бой көтөрүп сөзүн улады.-Менин төрт тарабым тегиз, башкалардай дөңгөчтөй, же башкалардай камгактай эмесмин.<br>Ошентип,Төрт бурчтук ары -бери которулса да, анын узуну, туурасы бирдей өзгөрүүсүз кала берди.<br>Бир күнү мындай окуя болду.Токойдо бир адам адашып калыптыр. Адашып жүрүп ал Төрт бурчтук менен Тик бурчтукка жолугуп калат.Адам Төрт бурчтуктун келбети таасирдүү болгондуктан,ага кайрылды.<br>-Уруксат болсо,мен сизге чыгып үйүмдү карап алсам болобу?-деп Төрт бурчтуктан сураңды.<br>Адам Төрт бурчтуктун бир капталына чыгып, бирок дарактардын узундугунан эч нерсени көрө алган жок. Адам Төрт бурчтуктун башка капталына которулуусун суранып,ага чыгып көз чаптырды.Бирок белгилүү болгондой,Төрт бурчтуктун төрт тарабы бирдей,ошондуктан адам бул жолу да дарактардан башка эч нерсе көргөн жок.<br><br>Чыгарманы окуп жаткан учурда бериле турган суроолор:<br>*-Силер эмнени билдиңер?*<br>*-Кандай окуя болду?*<br>*-Мындан ары эмне болот деп ойлойсуңар?*<br>*-Бул аңгеме кантип аяктайт деп ойлойсуңар?*<br><br>-Жолдош Төрт бурчтук, жок дегенде суудан өткөзүп коюңузчу!-деп адам жалынды.<br>Төрт бурчтук суугa келип, аркы жээгине жетүүгө аракет жасады. Бирок, “чулп” этип сууга түшүп кетти.<br>-Балким, мен сизге жардам бере алам,-деп жөнөкөй Тик бурчтук өзүн сунуш кылды. Ал тик бурчунун узундугу менен туруп берди. Адам ага чыгып дарактардан бийик болуп, алыстагы үйүн көрдү. Эми кайсы жол менен үйүнө бараарын билди. Андан соң Тик бурчтук сууга капталынан жатып, көпүрө болуп берди. Адам көпүрө аркылуу суудан өтүп,Тик бурчтукту тургузуп, ага ыраазычылыгын билдирип,үйүнө жөнөп кетти.<br>Жээкте айласыздан суу болуп, курганып жаткан Төрт бурчтук Тик бурчтукка кайрылды:<br>-Көрсө, Сиз абдан пайдалуу фигура турбайсызбы!<br>-Коюңузчу, -Тик бурчтук жылуу жылмайып сөзүн улады, -жөн гана | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | менин жактарым ар түрдүү: экөө узун,экөө болсо-кыска.<br>-Кээде бул өтө ыңгайлуу.<br>Чыгарманы окуп бүткөндөн кийин берилүүчү суроолор:<br>*-Силерге чыгарма жактыбы? Эмнеге?*<br>*-Окуя кантип аяктады?*<br>*-Эгер силер аңгеменин автору болгонуңарда окуяны кантип өзгөртөт элеңер?*<br>*- Чыгарманын идеясы эмнеде?*<br>*- Төрт бурчтуктун пайдасы барбы? Анын пайдасы эмнеде?*<br>*- Дагы кайсы геометрикалык фигуралардын пайдалуулугун билесиңер?* | |
| Чыгармачыл устакана | 30 мүн. | Балдар эки топко бөлүнүшөт.Топ башчыларынын артына тизилип, катарга турушат.Эң акырында турган бала өзүнөн мурда турган баланын далысына геометриялык фигураны колу менен тартат. Ал бала тартылган фигураны сезип, так ошондой кылып, өзүнүн астындагы баланын далысына тартат. Аягында топ башына кезек келет. Топ башы аны доскага бор менен тартат. Оюнду биринчи баштаган бала туура десе, тобу менен бирге түстүү кагаздан ошол фигураны кесип, көлөмдүү кылып жасашат. Эгер туура эмес фигура аягында чыгып калса, ошол топ айыбын тартат (чогуу ыр ырдашат же чогуу бий бийлешет, же берки топтогу балдар айткан тапшырманы аткарышат). | |
| Жыйынтыктоо “Күн баянды” толтуруу | 10 мүн. | Мугалим окуучулардан сурамжылоо жүргүзөт. “Күн баянды” “дежурлар” ошол сурамжылоонун негизинде толтурушат.<br>-Бүгүн лагерге канча окуучу катышты?<br>-Баарынан да силерге эмне жакты?<br>-Бүгүн лагерде ким эң активдүү болду?<br>-Силер лагерде бүгүн эмнелерди үйрөндүңөр? ж.б. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | |  | |
| Үй тапшырмасы | 5 мүн. | Мугалим окуучулардан эртеңки сабакка Bloom library (www.bloomlibrary.org)сайтынан электрондук китептерди окуп келүүнү сунуштайт.<br>(1-2-3-4-класстардын деңгээлине жараша “Бактылуу балалык”, “Нурзат жана сандар”, “Ар кандай жөндөмдөр”, “Эң мыкты буюм” ). | .<br>Bloom library |

**Түзүүчү: Ысык-Көл областынын Түп районундагы К.Карачев атындагы №21 Сары-Дөбө жалпы орто билим берүү мектебинин мугалими**

**Совет кызы Мээрим**



| Иш -аракет | Убакыт | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу<br>Ыр убагы | 5 мүн | Окуучуларды лагерге кабыл алуу.<br>“Алтындай балалык” деген ырды окуучулар чогуу ырдашат. | https://yout.be/X03WtngR90w |
| “Бузулган беш жылдыз” оюну<br>. | 15 мүн | Окуучуларды шыктандыруу жана топторго бөлүп алуу үчүн “Беш жылдыз” оюну менен өткөрүлөт.<br>Окуучулар беш жылдыздын ар бир бурчуна турушат, ортодо мугалим топту алып, бурчтун ичинде турган балага атын айтып топту ыргытып, ал окуучу кийинки каршы бурчтукта турган балага топту ыргытып аны менен орун алмашат. Оюн бурчтагы балдар толук орун алмашканча ойнолуп жаңы беш топ түзүлөт.<br><br>Оюндун максаты: Окуучуларды эсептеп санаганга, ийкемдүүлүккө, тактыкка, бири-бири менен жакын таанышууга, туура кыймылдоого тарбиялоо. |   |
| Кечээки күнгө сереп салуу.<br><br>Тегерек отурум “Мен жана сен, жалпы биз-маектешебиз” | 15 мүн | 1. Кечээки күндөгү “күн баянды” “дежур” окуучулар көпчүлүктүн алдында презентациялашат. Суроолор болсо жооп беришет.<br><br>2. “Сократтын семинары” (ЮСАИД,“ Окуу керемет!”долбоору, 3-модуль) технологиясына ылайык окучулар “ички жана тышкы тегерек” түзүү менен кечээ өтүлгөн темага сереп жүргүзүшөт.<br>Талкуулоо учурунда окуучулар башкалардын комментарийлерин кунт коюп угушат, айтылган ойду сынчыл түшүнүү менен башкалардын ойлоруна жана идеяларына карата өзүлөрүнүн ой -пикирлерин калыптандырышат. | |
| “Окуйбуз, ойнойбуз, талкуулайбыз!” | 35 мүн | Абдыкерим Муратовдун “Курак математикасы“ чыгармасын мугалим алдын - ала бөлүктөргө бөлүп, “Божомолдоо” стратегиясын колдонуп окуйт.<br><br>Абдыкерим Муратов “Курак математикасы “<br><br>Чыгарманы окуганга чейин берилүүчү суроолор:<br><br>- *Балдар ,бул аңгеме ким/ эмне, жөнүндө деп ойлойсунар?* | Абдыкерим Муратов “Курак математикасы“;<br>КР Билим берүү жана илим министрлиги, edu.gov.kg сайты,<br>3.2. |

- Эмнеге андай ойлойсунар?
- Курак деген эмне?
- Куракtан эмне жасаса болот?
- Курак менен математиканын кандай байланышы бар деп ойлойсуңар?
- Бул чыгармада кандай каармандар кездешет деп ойлойсунар?
- Эмнеге андай ойлойсунар?
- Келгиле анда, чыгарма менен таанышып баштайлы.

1-тынымга чейин окуу

Курал үйүндө математикадан даярданып отурган.Үйдөгү буюмдарды тартып, алардын кайсы геометриялык фигурага окшош экендигин жазып келүү тапшырмасы берилген эле. Адегенде Курал үй тапшырмасын аткарайын деген. Бирок анын оюна эч нерсе келген жок. Чын эле, оюна эч нерсе келбей койду. Башын ары –бери чайкап көрдү. Анан мурду кычышты. Курал стол үстүнөн учкан чымынды карап отурду. Бир нерсе ичкиси келип,шире куюп келейин деп жөнөдү.

1-тыным.

Суроолор:

- Куралга математикадан кандай үй тапшырмасы берилиптир?
- Эмне себептен Куралдын оюна эч нерсе келген жок?
- А силер ушул тапшырманы кантип аткарат элеңер?

2-тынымга чейин окуу

-Сабактарыңды бүттүнбү? Бүткөндө мага келчи, жардамын керек болуп жатат,-деп чоң энеси ашканага баш бакты .

Куралдын маанайы чөгүп калды. “Сабактарды бүтүрүшүм керек.Чоң энеме да жардам беришим керек.Анда качан ойнойм?”

Бирок Курал чоң энесин аябай жакшы көрчү.

-Мен азыр сизге жардам берем ,-деди ал.

-Үй тапшырманы бүтүп койдунбу ? Кандай азаматсын!- Чоң энеси кубанычын жашырбады.

-Жоок -деди Курал көнүлсүз,- башыма эч нерсе келбей жатат. Кызыктай бир тапшырманы бериптир. Көнүлсүз ,кызыксыз!

-Эмне берилди эле?-деп чоң энеси кызыга сурады.

Курал айтып берди.

-Менимче экөөбүз бир ок менен эки коен атат окшойбуз.

Чоң энеси небересин карап ,табышмактуу жылмайып койду.

-Мен эч кимди аткым келбейт -деп Курал кабагын бүркөдү.

-Эч кимди атпайбыз.ушундай сөз бар. Бир мезгилде эки иш кылганды ушинтип айтылат, мага жардам да бересин,үй тапшырмасын да аткарасын.







*-Кандайча ? –Курал тан кала сурады.*

2-тыным.

Суроолор:

- “Бир ок менен эки коенду атуу” дегенди кандай түшүнөсүңөр?
- Курал чоң энесине жардам берсе эле математикадан тапшырмасын кантип аткарып калат деп ойлойсуңар?

3-тынымга чейин окуу

*-Жүрү ,баарын азыр түшүнөсүн.*

*Алар чон энесинин бөлмөсүнө киришти.*

*Курал чон эненин бөлмөсүн жакшы көрчү.Үйдөгүлөр бул бөлмөнү чеберкана деп коюшат. Бурчта тигүү машинасы турат. Столдо кездемелердин кыркындылары жана ар түрдүү жип,ийнелер, эскиз чийилген сүрөттөр салынган куту турат.Чон энеси качан көрсөн эле, бир нерсени кесип, чийип, жабыштырып жаткан болот. Анын буюмдары дайыма эле чачылып жатат.Буюмдардын чачылып жатканын чон энеси “чыгармачылык башаламандык” деп коет.*

*Бүгүн да столдо кара, ак гүлдүү кездемелердин көп кыркындылары жаткан . Өлчөмдөрү да ар кандай. Кээ бири барагынан да чон, кээси алакандан да кичине .*

*-Ой,бул кездеменин калдыктары аябай көп чогулуп калган турбайбы! Таштанды челекке ыргытып келейинби?*

*-Жок, азыр экөөбүз сенин үй тапшырманды аткарабыз-деди чоң энеси.*

*-Ушул кесиндилерденби? Мен сүрөт тартышым керек да, –деди таң калган бала.*

*-Биз тапшырманы башкача бир жол менен аткарабыз!- деп чон энеси ишенимдүү айтты.*

*-Макул, бирок мен эмнени тартам? Түшүнгөн жокмун,-деди Курал.*

3-тыным.

Суроолор:

- Балдар, Куралдын чоң энесинин оюн ким түшүндү?
- Эми алар эмне кылат деп ойлойсуңар?

Чыгарманын аягы

*-Кездеменин кесиндилери кандай формада экен? –деди чоң эне .*

*-Ромб, үч бурчтук, тик бурчтук, оо, сүйрү кесинди! Бул гүлдүү кесинди-тик бурчтук! Джинсынын кесиндиси-алты бурчтук! - деди Курал.*

*-Мен бул кесиндилерди курак кылайын деп жыйнагам. Бир тобун сенин үй тапшырмаң үчүн берейин!-деди чоң эне небересин карап.*

*-Ураа! Мен бул кесиндилерден баарын кагазга жабыштырып коем!*

*Чоң эне небереси менен ылайыктуу кесиндилерди тандашты. Алар бул ишке аябай*

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | *берилип, кеч кандай киргенин да байкабай да калышты.Үй тапшырмасын гана аткарбастан, чоң энесине курак үчүн ылайыктуу кездемелердин кесиндилерин да таап чыгышты.*<br>*Эртеси Курал мектепке үй тапшырмасын алып барды. Ал фигуралардын сүрөтүн тартпай, баракка чаптап алганына оңтойсуз болуп жатты. Мугалим эмне дейт болду экен?*<br>*Кезек Куралга келгенде, ал өзүнүн тапшырмасын алып чыкты. Кагазга чапталган ар түрдөгү фигурадагы кездемелердин кыркындыларын көрсөттү. Ар кандай геометриялык фигуралар келип чыгыптыр. Ортодо тегерек, жанында алты бурчтуктар чапталыптыр.*<br>*Чапталган фигуралар килемдеги оюмдардай болуп кооз сүрөткө окшоп калыптыр.*<br>*Куралдын үй тапшырмасы бүт класска жакты. Мугалим анын тапкычтыгын, креативдүү ойлонгонун жогору баалады. Курал чоң энеси да жардам бергенин айтты. Айрым балдардын шылдыңына карабай ал чон энесине жардам берүүнү жакшы көрөөрүн билдирди. Курал аткарган өзгөчө курак математикасы чоң энеси тиккен жаңы курак төшөккө окшоп калганына сүйүндү.*<br><br>Чыгарманы окуп бүткөндөн кийинки суроолор:<br>-Силерге чыгарма жактыбы? Эмнеге?<br>-Окуя кантип аяктады ? Чыгарма ушундай аяктаарын күттүнөр беле?Эмнеге?<br>-Эгер силер бул китептин автору болсонор, окуяны кандай баяндайт эленер?<br>- Чыгарманын идеясы эмнеде?<br><br>- Силердин үйдө курак менен иштеген апаларыңар, эжелериңер, балким, байкелериңер барбы?<br>- А силердин араңарда куракка кызыккандар барбы? Курак төшөктөрдү жасагандар барбы?<br>- Айылдагы куракчы адамдарды атай аласынарбы?<br>- Алар курактан эмнелерди жасашат?<br>- Эмне үчүн аңгеме “Курак математикасы ”деп аталыптыр?<br>- Аңгеме жактыбы? Эмне үчүн? | |
| *“Он манжа” оюну* | 20 мүн | Мугалим:<br>- Бүгүн бизде Алмаздын чоң энеси конокто.Чоң энебиз өзү жасаган кол өнөрчүлүк буюмдарын жана курактарын ала келиптир. Биз алардан чакан көргөзмө уюштуруп койдук. Жакыныраак келип карап көрсөңөр болот (окуучулар жакындап келип, кол өнөрчүлүк буюмдарын кармалап көрүп чоң эне менен баарлашышат).<br><br>- Эми Алмаздын чоң энеси силерге “ Он манжа” оюнун үйрөтөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Чоң эне кол өнөрчүлүктө колдонуп жүргөн жиптеринен 40-50 см дей кесип алып, аны туюк кылып түйүп, эки колуна илип туруп манжалар аркылуу ар кандай геометриялык фигураларды түзүп эки бала ойной турганын айтып, көрсөтүп берет. Балдар сүрөттө көрсөтүлгөндөй жупта ойношот. Өздөрү түзгөн ар бир фигуранын атын атоо менен, канча фигура жасагандыгын да санап турушат.<br>Оюндун максаты: окуучулардын майда моторикасын өнүктүрүү менен алардын тапкычтык, ийкемдүүлүк, ойлонуу жөндөмдөрүнүн өнүгүшүнө түрткү берүү.<br> <br>Оюн бүткөндөн кийин окуучулар Алмаздын чоң энесине ыраазычылык билдирип, дагы келип туруусун суранышат. | |
| *Чыгармачылык устаканасы* | | Мугалим:<br>- “Курак математикасы” аңгемесиндеги Куралдын чоң энесинин курагындагы фигураларды “Он манжа” оюнунда кезиктирдиңерби? Кайсы фигураларды жасай алдыңар? Аттарын атагыла.<br>- Балдар, азыр биз класс-класс болуп 3 топко бөлүнөбүз (ар бир топко жаш курагына ылайык тапшырмалар берилет):<br>1-класстардын тобу: кагазда жайгашкан фигураларды боешот.<br>2-3-класстардын тобуна: кесилген фигуралардан ар кандай буюмдарды чогултушат.<br>4-класстардын тобуна: кесилген фигуралардан оригами жасашат.<br>Ар бир топ өз ишин коргоп, презентациялашат.<br>  | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жыйынтыктоо | 10 мүн | Мугалим бүгүнкү күндүн жыйынтыгын чыгаруу максатында окуучуларга “Күн баянды”толтурууга суроолорду берет.<br>- *Бүгүн лагерде эмне иш аткардык?*<br>- *Кагаздан кесип чаптоо менен жасаган курак иштеринер жактыбы?*<br>- *Кимдин же кайсы топтун жасаган иши мыкты болду?*<br>- *Бүгүнкү сабакка ким өтө активдүү катышты?*<br>- *Ким өзгөчө идеяларды айтып жатты?*<br><br>Андан тышкары сабакты жыйынтыктоо максатында мугалим окуучуларды бөлмөнүн беш жагында жайгашкан 5 куржунду тандоону суранат. Ошол тандоолорго жараша ар бир окуучу бүгүнкү сабакка болгон өз оюн билдирет.<br>Куржундагы жазуулар:<br>1. “Мага жакты” (бул куржунду тандаган окуучулар сабактагы кайсы иш-аракет же кайсы окуучунун (мугалимдин, чоң ененин) эмне кылганы жакканын так айтып далилдеши керек).<br>2. “Абдан жакты” (бул куржунду тандаган окуучулар сабактагы кайсы иш-аракет же кайсы окуучунун (мугалимдин, чоң ененин) эмне кылганы абдан жакканын так айтып далилдеши керек).<br>3. “Жактырган жокмун” (бул куржунду тандаган окуучулар сабактагы кайсы иш-аракет же кайсы окуучунун (мугалимдин, чоң ененин) эмне кылганын жактырбай калганын так айтып далилдеши керек).<br>4. “Сүйүндүм” (бул куржунду тандаган окуучулар сабактагы кайсы иш-аракет же кайсы окуучунун (мугалимдин, чоң ененин) эмне кылганына сүйүнгөндүгүн так айтып далилдеши керек).<br>5. “Мен үчүн баалуу” (бул куржунду тандаган окуучулар сабактагы кайсы иш-аракет же кайсы окуучунун (мугалимдин, чоң ененин) эмне кылганы баалуу болгондугун так айтып далилдеши керек).<br><br>“Дежур” эки окуучу балдар берген жоопторду алдын ала кесип даярдап алышкан кесилген фигураларга жазып, курак сыяктуу кылып флип-чартка чапташат. Эртеңки күнү презентация кылуу үчүн өз алдынча даярданышат. | “Күн баян”<br><br>5 жазуусу бар куржун<br><br>Ар түрдүү өңдөгү фигуралардын кесиндилери, флип-чарт, калем сап. |

**Түзүүчү:  Ош областынын Ноокат районундагы К. Акматов атындагы “Борбаш” орто мектебинин башталгыч классынын мугалими**

**Жусупова Асылкан**



| Иш- аракет | Убакыт | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Каражаттар |
| --- | --- | --- | --- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ыр ырдоо<br><br>Саламдашуу | 5 мүн | Сабакты баштоого балдарды чакырып алуу үчүн “Мектеп ыры” ырдалат.<br>Мугалим:<br>Жайдары жайда жадырап,<br>Чулганат шаңга бал курак.<br>Жыпжылуу салам, балдарым,<br>Айтамын мен баарыңа. | Телевизордон караоке |
| Жагымдуу маанай түзүү | 3 мүн | Мугалим: Ак баракты өзүбүз көрбөй турган абалда кармайбыз дагы, өзүбүздүн кебетебизди тарта баштайбыз. Мисалы, баарыбыз башыбызды тартабыз, андан кийин кашыбызды, андан кийин көзүбүздү, экинчи көзүбүздү тартабыз, мурдубузду тартабыз, оозубузду,андан кийин моюнубузду, чачтарыбызды тартып коёбуз. Эми , балдар, баарыбыз өзүбүз тарткан сүрөттөрдү карап көрөлү (окуучулар өзүнүн, досторунун, мугалимдин тарткан сүрөттөрүн көрүшүп, баарынын жүзүндө жылмаюу пайда болот). Ушундай маанай менен сабагыбызды баштайбыз. | А4 барагы, калем. |
| “Күн баянды” барактайбыз | 10 мүн | Мугалим: Балдар, кечээги сабакта биз адамдагы оң сапаттар тууралуу, кайрымдуулук, жоомарттык жөнүндө сөз кылганбыз. Анда эмесе, ошол түшүнүктөрдү эске салуу үчүн төмөнкү кроссвордду толтуруп алалы.<br><br><br>1. Бала думананы эмне менен сыйлады?<br>2. Думана эмне сурап барды?<br>3. Кайрымдуу, берешен, акылдуу ким экен?<br>4. “Тойго думаналар келдиби?” деген кимдин сөзү?<br>Мугалим: Демек, жоомарт адам чыныгы жардамга муктаж адамга туура нерсени өз убагында берген инсан. | |
| “Нейрогимнастика” оюну | 6 мүн | Окуучулар айлана болуп турушат. Үч окуучуга саноону бузуу тууралуу алдын ала айтып коюш керек. Санак 10 го чейин болот. Биринчи саноодо так сандар айтылат да, бир жуп сан кошулат. 10 го жеткенде туура айтса “чын”, ката айтса “калп”деш керек. Аябай тез айтуу зарыл. Мисалы, 1,3,5,7,8- калп,<br>2,4,6,8- чын, дагы кайталанат, 1,3,5,7,9-чын, 2,4,6,9-калп. Адашкан окуучу чыгып, окуучулар азая берет. Аягында калган окуучу жеңүүчү болот. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| “Окуйбуз, ойлонобуз, талкуулайбыз!” | 25 мүн | Мугалим: Бүгүн лагерде биз Шатман Садыбакасовдун “Калп жаман” деген аңгемеси менен таанышабыз. Биз бул чыгарманы аудио аркылуу угуп, божомолдоо жолу менен талкуулайбыз.<br><br>*Чыгарманы окуганга чейин (“ 20секунд” техникасы колдонулат)*<br>- Балдар, калп дегенди кандай түшүнөсүңөр?<br>- Аны көрүүгө, кармоого болобу?<br>- Эмне үчүн адамдар калп сүйлөшөт?<br>- Силердин калп айткан учуруңар болду беле? Эмне себептен айттыңар эле жана өзүңөрдү ошондо кандай сездиңер эле?<br><br>Мугалим чыгарманы бир нече бөлүктөргө бөлүп уктурат.<br><br>*Угуу арасында:*<br>-Чынара ушул күнү туулган беле?<br>-Достору барганда апасында кандай ойлор жаралышы мүмкүн?<br>-Чынара ошол учурда өзүн кандай сезип турду экен?<br>-Окуя мындан ары кандай уланат деп ойлоносуңар?<br><br>Угуунун аягында:<br>-Чынаранын туулган күнүн качан өткөрүштү?<br>-Достору туулган күнгө эмне үчүн келген жок?<br>-Чынара күчүгүнө эмне үчүн ачууланды?<br><br>Чыгарманы жыйынтыктоо:<br><br>-Силерге аңгеме жактыбы? (Кол коңгуроо техникасы)<br>-Силер аңгеменин ушундай аяктаарын күттүңөр беле?<br>-Эгер силер автор болсоңор, окуяны кандайча баяндайт элеңер?<br>-Окуя мындай аяктаарына эмне себеп болду?<br><br>Мугалим: Демек, балдар,”Сөз чындыкты табат”, “Калптын өмүрү кыска” деп бекеринен айтылбаган. Калп сүйлөсөк айланабыздагы адамдар бизге ишенбей, ишенимден алыс болуп калабыз. Ар дайым ичибизден кыжаалат боло беребиз.<br>Ал эми чындыкты айтканыбыз жана ар дайым туура жүргөнүбүз менен башкаларга да үлгү болуп, көңүлүбүз тынч болот, ишенимдүү адам болобуз. Силер ушуга макулсуңарбы? | Аудио китеп “Калп жаман” |

<table>
<tr>
<td>Топто иштөө</td>
<td>15 мүн</td>
<td>

Мугалим: - Балдар, келгиле, биз 1, 2, 3 деп санап, 3 топко бөлүнөлү. Ар бир топтун топ башчысын шайлайлы. Ар бир топко бирден карточка таратылат. Ошол карточкадагы мисалдарга таянып, бүгүнкү биз уккан чыгармага алрды ылайыктап, ошол карточкаларды кайрадан иштеп чыгабыз.

1-топ:




2-топ:




</td>
<td></td>
</tr>
</table>

3-топ:

## Жазуу пикири

### Окурмандык күндөлүк

Автор: *Эсенбек Медербеков* Жанр: *Адабий жанр*

Китепти үч сөз менен сүрөттөйм:

_*сүрөттүү*___________________________

__*кыска*_______________________________

__*түшүнүктүү*__________________________

Китептен цитата: ***Нурияның апасы көпөлөк менен аарынын айырмасын айтып берди.***

Китеп жөнүндө эскертүүлөр (ойлор, эмоциялар)

***Бул «Көпөлөк укол салып кетти» деген китептин сүрөттөрү аябай кооз тартылган. Чоң- чоң тамгалар менен жазылган. Кыска убакытта окуп бүтүргөнгө ылайыктуу экен. Мен китепти окуп аарыны кармабаш керек экендигин билдим. Китеп мага аябай жакты.***_____________________________________________

Тапшырма аткарылгандан кийин, ар бир топ өз ишин коргойт.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Чыгармачыл устаканасы | 20 мүнөт | Мугалим:<br>- Балдар, азыр биз “Чынчылдык” гүл салгычын жасайбыз.<br>Түстүү картондон ар кандай түстөгү гүлдөрдү кесип алабыз. Чынчылдыкка байланыштуу макалдарды таап, кыркылган гүлдөрдүн үстүнө жазабыз. Андан кийин ал гүлдөргө ичке бутактардан атайын даярдалган саптарды тагабыз. Жашыл кагаздардан жалбырак жасайбыз да, аны гүлдөрдүн саптарына тагабыз. Кичинекей жыгач кутуну алабыз да, анын ичин пенопласт толтурабыз. Анын үстүн жашыл түстүү кагаз менен каптайбыз. Ал кагазга карандаш менен чөптүн сүрөтүн окшоштуруп тартабыз. Андан кийин даяр гүлдөрдү бул жашыл чөптүн үстүнө отургузабыз.<br>Мына ушинтип “чынчылдык” гүл салгычы даяр болот. Бири -биринерге белек кылсаңар болот.<br> | Ар кандай түстөгү картон кагазы, түстүү карандаш, кайчы, пенопласт, жашыл кагаз жана ичке бутакчалар. |
| Жыйынтыктоо | 5 мүн | “Адашкан сөздөр” оюну.<br>Ишенимдүү, эгер, үлгүлүү, чынчыл, адам, болсок, болобуз, жакшы (Балдар сөздөрдү курап, сүйлөм жаратышат).<br>(Жообу: *Эгер чынчыл, жакшы болсок ишенимдүү, үлгүлүү адам болобуз).*<br>*Мугалим: Урматтуу окуучулар, чынчылдык жөнүндө силердин жүрөгүңөргө бир аз да болсо таасир эте алган болсом, анда мен кубанычтамын.* | Сөздөр жазылган барак тилкелери. |
| Үйгө тапшырма | 5 мүнөт | Мугалим окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө карап тапшырмаларды берет:<br>1. Калп, чындык тууралуу макалдардан жазып келүү (1-2- кл.)<br>2. Өз чыгармачылыгы менен калп жаратып келүү (3-4 кл.) | |